КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКАЯ
ГОРОДСКАЯ МЭРИЯ

# БУЙРУК
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

**“_____” _____ 2026-ж. №_______**

**2026-2027–жылдарга Таш-Көмүр шаарынын аймагында коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы №29 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2026–2027-жылдарга карата коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын” ишке ашыруу, коррупцияга каршы пропаганданы жүргүзүү, коррупцияга каршы стандарттарды жайылтуу жана коомдо коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы №29 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2026–2027-жылдарга карата коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасы” аткарууга алынсын.
2. 2026–2027-жылдарга карата Таш-Көмүр шаарынын аймагында коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине жана аймактык башкармалыктардын башчыларына:

- 2026–2027-жылдарга карата Таш-Көмүр шаарынын аймагында коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткарууга алуу;
- Иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу маалыматты Таш-Көмүр шаардык мэриясынын аппаратына 2026–2027-жылдар ичинде ар квартал сайын, отчеттук кварталдан кийинки айдын 1ине чейин берип туруу милдеттендирилсин.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Таш-Көмүр шаардык мэриясынын аппарат жетекчисине жүктөлсүн.

**Мэр К.Б.Бектемиров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1-тиркеме

**2026-2027-жылдарга Таш-Көмүр шаарынын аймагында коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы**

| № | Милдеттер | Чаралар/аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар (продукт) | Жоопту аткаруучулар | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-глава. Маалыматтык-агартуу иштери** | | | | | | |
| 1 | | Коррупцияга каршы улуттук маалыматтык өнөктүктү жүргүзүү | 2026- жылдын 1 -кварталы | Онлайн жана офлайн форматтарында жеткиликтүү маалыматтык материалдардын топтому | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| | | 2. Иш-чаралар комплексин ишке ашыруу: ЖМК жана медиа-коомчулуктун башка өкүлдөрүнүн катышуусу менен социалдык тармактарда социалдык жарнама,видеороликтер, челленджер жана флешмобдор, хештег-өнөктүк “Таза Кыргызстан”, “Мен Пара Бербейм”, “Мен Пара Албайм”, коррупциянын фактылары жөнүндө билдирүүлөр үчүн QR-коддору менен баннерлерди жана инфографикаларды жайгаштыруу | 2026-2027-жылдар, квартал сайын | Шаардын аймагында масштабдуу медиа-өнөктүк өткөрүлдү:<br>- 1дөн аз эмес теле жана радиороликтер чыгарылды жана жайгаштырылды;<br>- түрдүү максаттуу топтор менен 1дөн кем эмес тематикалык өнөктүк; шаардын аймагында 1ден кем эмес иш-чара (форумдар, жолугушуулар, акциялар) | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3. Коррупциянын кесепеттерине жана аны жок кылуунун маанилүүлүгүнө, анын ичинде коррупциялык кырдаалдардын сценарийлерин көрсөтүү үчүн дипфейк технологияларына арналган ЖИ-генерацияланган аудио жана видео контентти түзүү жана жайылтуу. | 2026-жылдын 1-2- кварталдары | ЖИ колдонуу менен аудио жана видео материалдардын топтому иштелип чыгып,ишке киргизилди. Коррупциялык кырдаалдарды жана Алардын кесепеттерин ачык көрсөтүүчү дипфейк элементтери менен окутуучу роликтер даярдалды жана жайгаштырылган. | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| | | 4. Шаардык мэриянын жана шаардын аймагындагы мекеме-ишканалардын расмий сайттарында коррупцияга каршы контентти жайгаштыруу жана жаңылоо | Дайыма | Шаардык мэриянын жана шаардын аймагындагы мекеме-ишканалардын расмий сайттарында коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча актуалдуу бөлүм ачылды, ал туруктуу негизде жаңыланып турат (кварталына бир жолудан кем эмес) жана ченемдик базаны,коррупцияга каршы пландардын аткарылышы жөнүндө отчетторду, коррупциянын алдын алуу чөйрөсүнө тиешелүү | Мэрия, мекеме-ишканалар, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | видеороликтерди жана башка маалыматтарды камтыйт | | |
| 2 | Ар кандай максаттуу топтордун арасында коррупцияга каршы тема боюнча тематикалык конкурстарды жана демилгелерди уюштуруу | Чыгармачылык иштердин, видеороликтердин, инфографикалардын, эсселердин, социалдык долбоорлордун ж.б. конкурстарын өткөрүү, андан кийин мыкты материалдарды ЖМК, мамлекеттик органдардын расмий сайттары жана санариптик платформалар аркылуу жайылтуу | 2026-2027-жылдар, квартал сайын | Ар кандай форматтар боюнча жылына 2ден кем эмес тематикалык конкурс өткөрүлүп турат (видео, эссе, плакаттар, долбоорлор). Конкурстарга түрдүү максаттуу топтордон кеминде 50дөн кем эмес адам катышты (окуучулар, студенттер, мамкызматчылар, ж.б.). | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| 3 | Ар кандай максаттуу аудиториялар үчүн Коррупцияга каршы маалыматтык-билим берүү материалдарын иштеп чыгуу жана жайылтуу | Укуктук сабаттуулук, этика, кызыкчылыктардын кагылышуусу, коррупциянын формалары жана кесепеттери боюнча темаларды камтыган инфографикаларды, буклеттерди, подкасттарды, видеороликтерди жана методикалык колдонмолорду мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдоо | 2026-жыл | Даярдалды жана чыгарылды: - 10 инфографика, - 20 буклет, - 3 видеоролик, - 2 методикалык колдонмо. Материалдар мамлекеттик жана расмий тилдерге которулуп, жеткиликтүү. 5ден кем эмес мамлекеттик жана пайдалануу үчүн материалдарды алды | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Коррупцияга каршы темаларды формалдуу билим берүү системасына интеграциялоо | Мектептер жана кесиптик билим берүү уюмдары үчүн укуктук сабаттуулук, этика жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелерин эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү | 2026-2027-жылдар | Билим берүү программалары жаңыртылды жана коррупцияга каршы темалар боюнча модулдар киргизилди | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| 5 | Коррупцияга каршы тематика боюнча интерактивдүү билим берүү ресурстарын түзүү жана илгерилетүү | Санариптик продукттарды (онлайн-курстар, окутуу платформалары, квесттер, стол үстүндөгү жана мобилдик оюндар, видео контент) иштеп чыгуу жана аларды жаштар, шаар тургундары жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер арасында жайылтуу | 2026-жыл | 1ден кем эмес санариптик продукт иштелип чыкты (онлайн-курстар, оюндар, квесттер,окутуу платформалары, видеороликтер). Материалдар которулуп мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланды. Региондук борборлордо айылдык мектептердин педагогдору үчүн 1ден кем эмес көчмө семинарлар өткөрүлдү. Коррупцияга каршы темаларды интерактивдүү окутуунун методикасына 10дон кем эмес мугалим окутулду. | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Жаштардын коррупцияга каршы демилгелерин колдоо жана өнүктүрүү | Жарандык коомдун институттарын жана эл аралык өнөктөштөрдү тартуу менен коррупцияга каршы долбоорлорду ишке ашыруучу мектеп жана студенттик клубдардын, ыктыярчы топтордун, дебаттык коомчулуктардын жана уюмдардын ишине көмөктөшүү | 2026-2027-жылдар | Жаштардын 1дөн кем эмес демилгеси колдоого алынды (клубдар, долбоорлор, топтор). 1ден кем эмес шаардык иш-чаралар (форумдар, дебаттар, акциялар) өткөрүлдү. Коррупцияга каршы активдүүлүккө 50дөн кем эмес жаштар тартылды. Жаштардын долбоорлору жөнүндө 5ден кем эмес материал даярдалып, | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| 7 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн коррупцияга каршы тематика боюнча окутуу иш-чараларын өткөрүү | Этика, кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо, адептүүлүк стандарттары маселелери, даттанууларды берүү жана коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо механизмдери боюнча квалификацияны жогорулатуу боюнча адистештирилген тренингдерди, семинарларды жана курстарды үзгүлтүксүз уюштуруу | 2026-2027-жылдар, квартал сайын | Коррупцияга каршы тематика боюнча жылына 1ден кем эмес тренинг жана семинарлар өткөрүлдү. 10дон кем эмес мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы окутулду. Коррупцияга каршы саясаттын бардык негизги темаларын камтыган квалификацияны жогорулатуу программалары иштелип чыкты жана бекитилди. Окутуу программаларын жаңылоо жана үзгүлтүксүз мониторинг | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жүргүзүү системасы киргизилди | | |
| 8 | БӨУ жана жарандык коомдун коррупцияга каршы маалыматтык саясатка катышуусун активдештирүү | ЧУАга көз карандысыз экспертиза жүргүзүү, агартуу кампанияларын өткөрүү, укуктук жардам көрсөтүү жана илимий-практикалык иш-чараларды уюштуруу үчүн коммерциялык эмес уюмдарды тартуу | 2026-2027-жылдар | Коррупцияга каршы ишке 1ден кем эмес БӨУ тартылган.<br>Коррупцияга каршы тематика боюнча 6дан кем эмес илимий-практикалык конференция, тегерек столдор жана семинарлар уюштурулду.<br>1ден кем эмес изилдөө жана аналитикалык баяндама чыгарылды.<br>10ден кем эмес жаранга укуктук жардам көрсөтүлдү | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| 9 | Коррупцияга каршы агартуу иштерин илимий жана методикалык жактан коштоо | Окуу программаларын иштеп чыгуу, форумдарды өткөрүү жана агартуу иш-чараларынын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү үчүн илимий-билим берүү мекемелери менен кызматташуу | 2026-2027-жылдар | Коррупцияга каршы тематика боюнча 1ден кем эмес илимий конференция жана форум өткөрүлдү.<br>Коррупцияга каршы агартууну оптималдаштыруу үчүн 1ден кем эмес окуу программасы иштелип чыкты. Агартуу инструменттеринин натыйжалуулугунун 1ден кем эмес мониторингдик отчету чыгарылды | Мэрия, ШБББ, ШИИБ, ТИ, ИТЭИ, ТАК, №111КЛ, Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Региондордо коррупцияга каршы<br>Күн тартибин илгерилетүү | Жергиликтүү бийликтин жана коомчулуктун катышуусу менен көчмө маалымат сессияларын жана ачык эшик күндөрүн уюштуруу | 2026-2027-жылдар | Жылына 1ден кем эмес региондук сессиялар өткөрүлүп,отчеттор даярдалды. | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

**2-глава. Мамлекеттик органдардын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан этика ченемдерин системалуу сактоону камсыз кылуу, аларда коррупцияга каршы туруктуу баалуулуктарды калыптандыруу жана кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатуу | 1.Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этика боюнча комиссияларынын ишинин натыйжалуулугуна жыл сайын мониторинг жана талдоо жүргүзүү, андан ары жыйынтыктарын жарыялоо жана сунуштамаларды иштеп чыгуу менен | 2026-2027-жылдар | Этика боюнча комиссиялардын ишине жыл сайын мониторинг жана талдоо жүргүзүлөт. Отчеттуулуктун формасы иштелип чыкты жана бекитилди.<br>Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтында жайгаштырылды | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| | | 2. ЖМКны жана интернет-ресурстарды пайдалануу менен кызматчылардын коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандыруу жана этикалык ченемдерди сактоосу жөнүндө маалыматтык-пропагандалык иштин | 2026-2027-жылдар | Программалар бекитилди жана киргизилди.<br>Жыл сайын кеминде 1 маалыматтык кампания өткөрүлдү.<br>Максаттуу аудиторияны камтуу 20 %га жогорулады | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | атайын программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу | | | | |
| 2 | Ачык маалыматтар системаларын өнүктүрүү жана ачык- айкындуулук стандарттарын киргизүү | Милдеттүү маалыматтардын тизмегин, жарыялоо мөөнөттөрүн жана форматтарын кошо алганда, мамлекеттик органдар жана ЖӨБО үчүн ачыктыктын минималдуу стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү.<br>Ачык маалыматтар порталында машинада окула турган форматтарда маалыматтарды (сатып алуулар, бюджет, лицензиялар, текшерүүлөр ж.б.) жайгаштырууну камсыз кылуу.<br>Көз карандысыз эксперттердин жана коомдук уюмдардын катышуусу<br>менен стандарттардын аткарылышына мониторинг | 2026-жыл<br><br>2027-жыл | Ачыктык стандарттары бекитилди.<br><br>Актуалдуу,машинада окула турган жана түзүмдөштүрүлгөн маалымат менен ачык маалыматтар порталы иштеп жатат. | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жүргүзүү системасын киргизүү | | | | |
| 3 | Ачык отчеттуулуктун визуалдаштырылган жана түшүнүктүү формаларын киргизүү | “Жарандар үчүн” ачык отчеттуулуктун бирдиктүү стандартын бекитүү.<br><br>Мамлекеттик органдардын ишинин негизги натыйжалары боюнча инфографикаларды, дайджесттерди, видеороликтерди, интерактивдүү панелдерди (дашборддорду)даярдоо жана жарыялоо.<br>Отчетторду расмий сайттарга жана санариптик ресурстарга жайгаштырууну камсыз кылуу | 2026- жылдын 1-кварталы<br><br>2026-жылдын 3-кварталы<br><br>2027-жыл | Ачык отчеттуулуктун стандарты бекитилди.<br><br>Инфографикалардын, дайджесттердин жана видеоотчеттордун топтому даярдалды жана жарыяланды.<br><br>Реалдуу убакытта интерактивдүү дашборддор ишке киргизилди | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| 4 | Үзгүлтүксүз онлайн-брифингдерди уюштуруу жана жыйналыштардын материалдарын жарыялоо | Мамлекеттик органдардын жетекчилеринин квартал сайын онлайн-брифингдер жана пресс-конференция-лар практикасын киргизүү.<br>Коллегиялардын, жумушчу топтордун жана консультативдик органдардын жыйналыштарынын видеожазууларын, протоколдорун жана чечимдерин жайгаштыруу | 2026-2027-жылдар | Онлайн-брифингдер өткөрүлдү (кварталда 1 жолудан кем эмес).<br>Жыйналыштардын видеожазууларына жана чечимдерине коомдук жетүү мүмкүндүгү камсыздалды.<br>Жыйналыштардын материалдары менен таанышкан жарандардын саны көбөйдү | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | (мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен) | | | | |
| **3-глава. Кайтарым байланыштын санариптик каналдарын өнүктүрүү** | | | | | | |
| 2 | ЖИ жардамы менен аудиторияны интерактивдүү тартуу | Коррупция жөнүндө суроолорго жооп берген, укуктук маалымат берген жана бузуулар аныкталганда каякка кайрылуу керектигин түшүндүргөн чат-ботту түзүү; коррупциялык тобокелдиктер жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу максатында кызматкерлер үчүн онлайн-викториналарды жана тесттерди иштеп чыгуу | 2026- жылдын I жарым жылдыгы | Коррупцияга каршы суроолор боюнча ЖИ,Telegram жана WhatsApp менен чат-бот иштелип чыкты жана ишке киргизилди. Коррупциялык тобокелдиктер жөнүндө билимдерде боштуктарды аныктоо жана жоюуга багытталган онлайн-викториналар жана тесттер иштелип чыкты жана өткөрүлдү | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |
| **4-глава. Жарандык коом, ЖМК жана медиа коомчулуктун башка өкүлдөрү менен өнөктөштүк** | | | | | | |
| | Медиа жана жарандык коомдун кесипкөйлүгүн жогорулатуу аркылуу коррупцияга каршы | **1.** Юридикалык, этикалык сунуштар жана контент шаблондор менен медиа үчүн маалымдаманы жана методикалык колдонмону иштеп чыгуу жана жайылтуу | 2026-жыл | ЖМК жана ӨЭУ арасында колдонмолор жайылтылды, коррупцияга каршы контенттин сапаты жогорулады | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | көз карашты калыптандыруу | 2 .Медиа сабаттуулук боюнча онлайн-курстарды жана интерактивдүү материалдарды, ошондой эле дезинформацияга каршы социалдык роликтерди ишке киргизүү | 2026-2027-жылдар | Максаттуу аудитория арасында медиасабаттуулук жана фейктерге туруктуулук жогорулады | Мэрия,ШБББ, ШИИБ,ТИ, ИТЭИ,ТАК, №111КЛ,Таш-Көмүр Жарчысы | Каржылык талап кылынбайт |

**Аппарат жетекчи** **Н.А.Боронбаев**